Макулдашылды

ЖРББ бөлүмүнүн башчысы

Арыков Т.К

«___»______2022-жыл

Бекитем

Мектептин директору

Акматалиева Н.К.

«____»______2022-жыл

**Орто-Суу айылындагы Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022- окуу жылына карата анализи.**

**Максаты:** Педагогикалык коллективдин ишмердүүлүгүнүн анализи, жаңы окуу жылынын иш планынын максатын жана тапшырмасын иштеп чыгуу, мектептин ишинин калыптануусунун жолдорун аныктоо.

**Педагогикалык анализдин булактары:**

1. Мектептин технологиялык картасы
2. Окуу процессинин абалын жана билим сапатын талдоо.
3. Окуу процессине анализ.
4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жана ЖРТ жыйынтыгы.
5. Олимпиаданын жыйынтыктары.
6. "Мамлекеттик тил жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу
7. Окуучулардын жана мугалимдердин ден-соолугун сактоо жөнүндө
8. Тарбиялык иштер
9. Кадрлар менен иштөө
10. Жаш адис менен иштөө
11. Мектептин методикалык иштерин башкаруу жана ишке ашыруу
12. Башталгыч класстардын иштеринин анализи
13. Так илимдер бирикмесинин анализи.
14. Гуманитардык бирикменин анализи.
15. Окуучулардын социалдык паспорту.
16. Мектептин материалдык-техникалык базасы
17. Мектептин китепканасынын иши.
18. Профсоюз уюму менен кызматташуу
19. Жыйынтыктар, сунуштар

# Мектептин иш планынын мазмуну

| № | Иш-чаранын аталышы |
|---|---|
| 1. | 2021-2022-окуу жылына берилген анализи |
| 2. | Милдеттери |
| 3. | Педагогикалык кеңешме |
| 4. | Директор алдындагы кеңешме |
| 5. | Завуч алдындагы кеңешме |
| 6. | Ички көзөмөлдүн иш планы |
| 7. | Алдыңкы окуучулар менен иштөөнүн планы |
| 8. | Начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөнүн планы |
| 9. | Олимпиаданын жүргүзүлүшү жана жыйынтыгы боюнча аткарылуучу иш чаралар |
| 10. | Усулдук кеңештин планы |
| 11. | Класс жетекчилердин усулдук бирикмесинин планы |
| 12. | Гуманитардык предметтер боюнча усулдук бирикменин планы |
| 13. | Так илимдер усулдук бирикменин иш планы |
| 14. | Башталгыч классынын бирикмесинин планы |
| 15. | Мектептин китепканасынын иш планы |
| 16. | Мамлекеттик тил күнүнө жылдык иш планы |
| 17. | «Илим-техника» ийриминин иш планы |
| 18. | Спортко машыгуу боюнча иш мерчеми |
| 19. | Мектептин окуу-материалдык базасын чыңдоо иш планы |
| 20. | Мектептин айыл өкмөтү жана башка коомдук уюмдар менен биргелешкен иш чаралары |
| 21. | Ата-энелер менен иштелүүчү иштердин иш мерчеми |
| 22. | Эмгекти коргоо боюнча иш планы |

| | |
|---|---|
| 23. | Өрт өчүрүүнүн жана анын коопсуздугун сактоо боюнча аткарылуучу иштердин планы |
| 24. | «Дени сак мектептер», «Дени сак муун» программасынын иш планы |
| 25. | Аттестация өткөрүүдө жамааттын мүчөлорүнүн функционалдык милдеттеринин бөлүнүшү |
| 26. | 2022-2023-окуу жылында өткөрүүлүүчү иш чараларынын планы |
| 27. | Социалдык педагогдун жылдык иш мерчеми |
| 28. | Укук тарбиясы (окуучулар,ата-энелер үчүн) |
| 29. | Кыздар кеңешинин иш мерчеми |
| 30. | «Кароосуз калгандар» боюнча профилактикалык рейддик иштердин планы |
| 31. | «Абайла, балдар!» деген айлыктын иш мерчеми |
| 32. | **СПИД**боюнча өткөрүлүүчү айлыктын планы |
| 33. | «Кургак учук»(«Туберкулез»)боюнча иш планы |

**1. Мектептин технологиялык картасы**

Кыргыз Республикасы

Билим берүү жана илим министрлиги

Чүй облусу, Жайыл району

Полтавка айыл өкмөтү

Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектеби

Мектептин Уставы Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлиги Чүй облусунун Юстиция башкармалыгы тарабынан 2004-жылдын 23-февралында №ГР029743 күбөлүгүн алуу менен катталды.

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт.

Орто-Суу айылы. Сеңирбаев көчөсү

**Мектептин директору:** Акматалиева Нуриза Кенжебековна

**Директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары:**

Бейзеева Жанара Калмырзабековна

**Директордун тарбия иштери боюнча орун басары, соц.педогог:**

Айдаркулова Айнара Ниязбековна

**Мектеп:** 1977-жылы курулуп, 350 орунга эсептелген. Мектепте китепкана, жыйындар залы, ашкана жана спорт залы ишке киригизилген.

Жалпы мектеп боюнча мугалимдер составы: 16

Жогорку билимдүү – 14

Атайын орто билимдүү – 2

КР «Билим берүү мыктысы» - 7

ББ жана илим мин. грамотасы – 7

ЖРБББ грамотасы –13

Облусттук грамотасы –2

Административдик грамотасы –9

2021-2022-окуу жылынын башында 1-11-класстагы окуучулардын саны-201, балдар-106, кыздар-95. Окуу жылынын аягында окуучулардын саны – 198 , анын ичинен балдар- 100, кыздар- 98. Мындан башка мектепте 480 сааттык программа боюнча- 15 окуучу. Жалпы окуучулардын саны- 213.

Отличниктер – 33

Ударниктер – 43

Билим сапаты – 46.2 %

Катышуусу –98,5

Олимпиаданын жыйынтыгы –

Райондук –

Облустук –

ОРТ жыйынтыгы – 126 упай Шабданбеков Жайна 116 упай Шейшенбекова Дильназ

Артыкчылык аттестат -жок

Артыкчылык күбөлүк – 2 окуучу: Джангазыева Рамина, Даниярова Камила.

**2017 – 2022-ж. Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин окуучулардын саны:**

| Окуу жылы | Окуучулардын саны |
|---|---|
| 2017\2018 | 190 |
| 2018\2019 | 193 |
| 2019\2020 | 202 |
| 2020\2021 | 201 |
| 2021\2022 | 198 |




**2. Окуу процессинин абалын жана билим сапатын талдоо.**

Билим берүү мекемелеринин билим берүү ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелери үчүн Базистик окуу планына ылайык жүргүзүлдү. Бардык окуу сабактар боюнча билим берүү программалары ишке ашырылды. Бир жылдын ичинде билим берүү мекемесинин администрациялары программалык материалдын өтүшүнө мектеп ичиндеги көзөмөл жүргүзүп келишкен.

Жайыл райондук билим берүү бөлүмү мектепте төмөнкү предметтер боюнча администрация тарабынан мониторинг жүргүзүлдү: башталгыч

класстар, кыргыз тили, орус тили, англис тили, математика, физика. Билим деңгээлин текшерүүлөрдүн жыйынтыгы жыл ичинде пед.кенешмеде каралды

Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектептин окуучулары тарабынан жалпы билим берүү программаларынын өздөштүрүүсүн талдоо:

2021-2022-окуу жылынын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча билим сапаты 42,4% түздү;

- 2021-2022-окуу жылынын 2-чейрегинин жыйынтыгы боюнча билим сапаты - 45%;
- 2021-2022-окуу жылынын 3-чейрегинин жыйынтыгы боюнча билим сапаты 46,7% түздү;
- 2021-2022-окуу жылынын 4-чейрегинин жыйынтыгы боюнча билим сапаты 46,2% түздү


2021-2022-окуу жылынын аягында окуучулардын контингенти 198 окуучуну түздү, анын ичинен:

Эң мыкты окугандар – 33
жакшы окугандар – 44
жетише албагандар - жок;
аттестацияланбагандар - жок.

Ошентип, Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин жетишүү деңгээлинин орточо көрсөткүчү 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча 100%, ал эми билим сапатынын көрсөткүчү 46.6% түздү.

Жыл жыйынтыгында билим сапаты төмөндөгүдөй көрсөткүчтөргө ээ болду.

| № | класстар | 2017/ 2018 | 2018/ 2019 | 2019/ 2020 | 2020/ 2021 | 2021/ 2022 | динамика |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2-класс | 58,8 | 55,5 | 47 | 61 | 61,5 | +0,5 |
| 2 | 3-класс | 40 | 53,3 | 40 | 46,6 | 47,3 | +1,3 |
| 3 | 4-класс | 45 | 45,3 | 68,7 | 45 | 50 | -5 |
| 4 | 5-класс | 45,6 | 47,6 | 46,4 | 40 | 40 | |
| 5 | 6-класс | 46,6 | 42,2 | 52,6 | 34,4 | 58,8 | +24,4 |
| 6 | 7-класс | 31 | 40 | 45,4 | 38 | 30 | -8 |
| 7 | 8-класс | 21 | 30 | 40 | 28 | 33.3 | +5,3 |
| 8 | 9-класс | 33,5 | 21 | 36,8 | 33 | 27,2 | -5.8 |
| 9 | 10-класс | 50 | 30,7 | 35,7 | 31 | 54.5 | +23,5 |
| 10 | 11-класс | 55,5 | 66,6 | 41,6 | 35,7 | 43.7 | +8 |
| 11 | жыйынтыгы | 45,3 | 43,2 | 45 | 39,5 | 46.6 | +7,1 |
| 12 | окуучулардын саны | 190 | 193 | 202 | 201 | 198 | -3 |




Мектеп окуу жылында 11 класс-комплект менен белгиленген иш-чаралар боюнча окуу-тарбия иштери жүргүзүлдү.
Төмөнкүдөй тартипте класстар топтолду:
Даярдоо класс 15 окуучу муг: Аскарбекова Н.
1-класс 16 окуучу муг: Калыгулова Э.С.
2-класс 17 окуучу муг: Бообекова Н.Ж.
3-класс 15 окуучу муг: Аманкулова А.М.
4-класс 20 окуучу муг: Бейзеева Ж.К.
5-класс 15 окуучу муг: Бейшебаева З.Т.
6-класс 29 окуучу муг: Койчукенова Ч.К.
7-класс 21 окуучу муг: Айдаркулова А.Н.
8-класс 22 окуучу муг: Каданбаева А.К.
9-класс 16 окуучу муг: Бектурова С.К
10-класс 16 окуучу муг: Кыдырмаева Д.М.
11-класс 14 окуучу муг: Шералиева В.Э.

**3.Окуу процессине анализ.**

2021-2022-окуу жылында окуу процесси мектептин ички көзөмөлүнүн негизинде жүргүзүлдү.

Сентябрь айында өткөн окуу жылына анализ берилип,жаңы окуу жылына пландар кабыл алынды.Предметтик мугалимдер толукталып,сааттар бөлүштүрүлдү.Мектепте кыргыз тилинде окутуучу жаңы билим берүү үчүн

2021-2022-окуу жылына карата кабыл алынган базистик окуу планы боюнча план түзүлдү.

2021-2022-окуу жылына карата 1-4-класстар үчүн 91 саат, 5-9-класстар үчүн 148 саат, 10-11-класстар үчүн 59 саат, жалпы 298 саат мугалимдерге болуштүрүлүп берилди.Сааттарга ылайык сабак жүгүртмөсү түзүлүп,окуу процесси башталды.

Жаңы окуу жылында окуучулардын билим деңгээлин көтөрүү максатында жаңы милдеттери кабыл алынды.

2021-2022-окуу жылында мугалимдер төмөнкүдөй милдеттердин үстүндө иштешти.

-башталгыч классында окуп, түшүнүүсүнүн үстүндө иштөө

-башталгыч класстардын кол жазмасынын үстүндө иштөө

-ар бир сабакта окуучулардын сүйлөө речин өстүрүү

-башталгыч класстан баштап окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнө көңүл буруу

-окуучулардын кол жазмасына көңүл буруу

-жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруу

-райондук олимпиадаларга окуучуларды даярдоо

-11-класстын окуучуларынын билим деңгээлин көтөрүү менен ОРТ га даярдоо

-математикалык багыттагы предметтерди окутууну колго алуу

-физика, химия сабактарынан лабораториялык иштерди жүргүзүүнү колго алуу

-орус жана чет тилдеринде эркин сүйлөөгө үйрөтүү

-тарых, география, биология сабактарында окуп түшүнүүсүнүн жана алган билимдерин практикада колдоно билүүсүнүн үстүндө иштөө

-кол эмгек, көркөм өнөр, музыка сабактарында балдардын чыгармачылыгын арттыруу

-кыргыз тил,адабият сабактарында эне тилин билүүгө,элинин маданиятын ардактоого үйрөтүү

Окуу процесси ички көзөмөлдүн негизинде жүргүзүлүп, ай сайын предметтер боюнча сабактардын өтүлүшү текшерилип турду. Предметтик декадалар,семинар-тренингдер,ачык сабактар, интеллектуалдык марафондор,конкурстар өтүлүп турду.

Жыл ичинде чейрек сайын административдик текшерүү иштер, жат жазуулар, тесттер алынып, аларга анализ берилип, кайрадан текшерилип жатты. Бул срездин жыйынтыгы боюнча ар бир предметтен 28% тен 38% ке чейинки корсоткүчтү берген.

Даярдоо классынын 15 окуучусу, 1-класстын 16 окуучусу аттестатцияланган жок. Окуучулар 1-11 –класстар окуу китептери менен камсыз болушкан 80% ды түздү.

Жетишпеген окуу китептери:

Башталгыч класстарда: Музыка, англис тили , математика, адабий окуу, кыргыз тили.

Русское слово 5-класс, дүйнө тарыхы, Кыргызстан тарыхы 6-класс, русская литература 7-класс , англис тили -8-9-класс.

Окуу усулдук-колдонмолорду колдонуу менен сабактарга даярданышып, жогорку деңгээлде өтүүгө аракеттеништи. Атап айтканда ачык сабактардын графиги түзүлүп , өз убагында өтүлүп жатты. Бардык мугалимдер 2-4 ачык сабак өтүштү. Мугалимдер сабактарда окутуунун жаңы технологиялык ыкмаларды колдонуу жана аны ишке ашырууну көздөп, иштөөгө аракеттеништи. Башталгыч класстын мугалимдери Аскарбекова Н., Бейзеева Ж.К, Бообекова Н.Ж, Аманкулова А.М. Калыгулова Э.С. -окуучуларды «окуу керемет» долборунун негизинде ар кандай стратегияларды колдонуп сабак өтүп жатышты.Бул жакшы жыйынтык берди десем жаңылышпайм.

Анткени класстагы окуучулардын окуусу, тартиби жана өзүн-өзү башкаруу ситемасы жогорку деңгээлде. Мугалимдер өздөрүнүн иштерине педагогикалык алдыңкы тажрыйбаларды жана окутуунун жаңы технологияларын колдонуу менен өтүүнү системага киргизип алышты.

## 4. 2021-2022–окуу жылындагы 9-,11- класстын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы

2021-2022- окуу жылында окуу поцессине тиешелүү (педагогдор, бүтүрүүчүлөр, ата-энелер арасында) жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясына жана ага карата даярдыкка байланыштуу максаттуу, багыттуу жана тутумдуу иштер жүргүзүлдү.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 22 - мартындагы № 261/1 буйругуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө жобо боюнча иш алып барылды жана педагогикалык кеңештер өткөрүлүп, педагогикалык кеңештин чечими менен предметтик жана конфликттик комиссиялар түзүлүп, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын графиги түзүлдү.

9-класстын окуучулары үчүн ЖМА өткөрүүдө төмөнкү 5 окуу дисциплина боюнча, анын ичинде 4 милдеттүү, 1 тандоо боюнча сынак өткөрүлдү.

- математика (алгебра) – комплекстүү жазуу тести;
-кыргыз тили – дил баяндын элементтери камтылган баяндама;
- Кыргызстандын тарыхы – оозеки сынак;
-орус тили– функционалдык грамматиканы жана лексиканы, ошондой эле текстти окуу жана түшүнүү жөндөмүн текшерүүнү камтыган комплекстүү жазуу тести;
- тандоо сабак – биология сабагы - оозеки сынак.

11-класстарынын окуучулары үчүн ЖМА өткөрүүдө төмөнкү 5 окуу дисциплинасы боюнча, анын ичинде 4 милдеттүү, 1 тандоо боюнча сынак:

- математика (алгебра жана талдоонун башталышы) – комплекстүү жазуу тести ;
- кыргыз тили – эссе;
- Кыргызстандын тарыхы – оозеки сынак;
- орус тили-функционалдык грамматиканы жана лексиканы, текстти окуу жана түшүнүү, ошондой эле угуу жана жазуу жөндөмүн текшерүүнү камтыган комплекстүү жазуу тести;
- тандоо боюнча предмет англис тили

Негизги билим берүү программасы боюнча 2021-2022-окуу жылы 198 окуучу бүтүрүштү. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга 38 окуучу киргизилди. 9-класста 22 окуучу, өзгөчө үлгүдөгү күбөлүктөргө 2 окуучу

Джангазыева Рамина, Даниярова Камила ээ болушту. 11-класста 16 окуучу, артыкчылык аттестат –жок.
Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация оз убагында өтүп, окуучулар толук катышышты. Протоколдор толтурулуп, акттар түзүлүп, баалар журналга, өздүк делолорго коюлду. 11-класста 1 окуучу Асылбеков Алмазбек Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ден соолугуна байланыштуу бошотулду.

**11-класс боюнча Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын баалардын топтолушу.**

| Баа | Кыргыз тили | Кыргыз адабияты | Алгебра | Орус тили | Тарых | Англис тили |
|---|---|---|---|---|---|---|
| “5” | 4 | 7 | 3 | 4 | 3 | 2 |
| “4” | 4 | 3 | 6 | 8 | 7 | 8 |
| “3” | 7 | 5 | 7 | 4 | 6 | 5 |
| “2” | | | | | | |

**9-класс боюнча Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын баалардын топтолушу.**

| Баа | Кыргыз тили | Алгебра | Орус тили | Тарых | Англис тили |
|---|---|---|---|---|---|
| “5” | 4 | 7 | 8 | 5 | 5 |
| “4” | 8 | 7 | 7 | 6 | 6 |
| “3” | 10 | 8 | 7 | 11 | 11 |
| “2” | | | | | |

5 жылдын ичиндеги мектептин эң мыктылары документине ээ болгондор

| жылы | аттестаттар | күбөлүктөр |
|---|---|---|
| 2018 | 1 | 1 |
| 2019 | - | 2 |
| 2020 | - | 2 |
| 2021 | 1 | 4 |
| 2022 | - | 2 |

5 жылдын ичиндеги ЖРТнын жыйынтыгы

| | |
|---|---|
| 2018 жыл | ЖРТга 5 бүтүрүүчү катышты анын ичинен: 122 упай Жумакадырова Акылай алган. Башка окуучулар 100 упайдан төмөн алышкан. |
| 2019 жыл | ЖРТга 6 бүтүрүүчү катышты анын ичинен:<br>156 упай Абдылдаев Алымбек. 3 окуучу 118 упай алышкан |
| 2020 жыл | ЖРТга 2 бүтүрүүчү катышты анын ичинен:алтын сертификат –жок . 100 упайдан төмөн алышкан. |

| | |
|---|---|
| 2021 жыл | ЖРТга 10 бүтүрүүчү катышты анын ичинен:алтын сертификат –жок, Шейшенбекова Бегимай 135 упай алган. 3 окуучу 100 упайдан 115 упайга чейин алышкан. |
| 2022 жыл | ЖРТга 12 бүтүрүүчү катышты анын ичинен:алтын сертификат –жок, Шабданбеков Жайнак 126 упай алган. 4 окуучу 100 упайдан 116 упайга чейин алышкан. |

Жогоруда айтылгандардын негизинде төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:

- предметтер боюнча калып кеткен билимдерин жоюу, күчтүү окуучулар менен иштөө боюнча системалуу иш жүргүзүлбөйт;

2021-2022-жылдарына алдыга коюлган маселелер:

- 5-8-класстардын окуучуларынын калып кеткен билимдерин жоюу боюнча коррекциялык (жеке, топтук) ишти уюштуруу (билим берүү бөлүмүнүн методисттерине бул ишти көзөмөлгө алуу);

- билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган башкаруучулук чечимдерди кабыл алууну камсыз кылуу (анын ичинде мектептик контролдун алкагында предметтик мугалимдердин сабактарга катышуусун уюштуруу, мугалимдердин сабактарга өз ара катышуусу);

- билим берүү уюмдарынын администрациясы ЖРТга даярдануу борборлору менен кызматташуу аркылуу 10-11-класстын окуучуларын кесиптик даярдоо боюнча ишти уюштурсун.

## 5. Шыктуу, мыкты балдар менен иш алып баруу

Мектеп окуучуларынын олимпиадасынын мектеп баскычы 2021-жылдын 22-ноябрынан 30-ноябрго чейин өткөрүлдү. Предметтик олимпиаданын мектеп баскычына 5-11-класстын окуучулары катышты.

Предметтик олимпиаданын мектептик этабын уюштуруу жана өткөрүү үчүн бир катар иш-чаралар өткөрүлдү:

- мектеп баскычынын калыстар тобунун мүчөлөрүнүн тизмеси түзүлдү;

- окуучулардын мектеп баскычына катышуучулардын тизмеси түзүлдү;

- Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин буйруктары менен олимпиадаларга бөлмөлөр дайындалды, олимпиадаларды өткоруү убактысы, ошондой эле олимпиадаларды өткөрүүдө катышуучулар аныкталды;

- Олимпиаданын мектептик этабын өткөрүүнүн эрежелерине ылайык инструкциялар жүргүзүлдү;

- калыстар тобунун мүчөлөрү олимпиаданын мектеп баскычында катышуучулардын иштерин критерийлерге ылайык уюштуруп, текшеришти.

Олимпиадалык тапшырмалар мектепке предметтик комиссиялардан алынган. Олимпиаданын тапшырмаларын текшерүү, жалпы билим берүүчү предметтер боюнча олимпиаданын мектеп баскычынын жеңүүчүлөрү аныкталды.

Мектеп окуучуларынын олимпиаданын мектеп этабына 5-11-класстардын 69 окуучусу катышты - 5-11-класстын окуучуларынын жалпы санынын 62.7 пайызы 8 предметтен олимпиадага, атап айтканда англис тили, биология, география, тарых, математика, орус тили, кыргыз тили, физика.

Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин окуучуларынын райондук олимпиаданын жыйынтыгы

| № | Аты -жөнү | балл | места | предмет | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Макишева Асема | - | | Математика | |
| 2 | Муратбекова Айдана | 1,5 | | Математика | |
| 3 | Мырзагулов Нурлис | - | | Математика | |
| 4 | Рамисова Салтанат | 27 | | Кыргыз тили | |
| 5 | Жапарбекова Сезим | 18 | | Кыргыз тили | |
| 6 | Сейткулова Акылай | - | | Кыргыз тили | |
| 7 | Зарлыкова Бегайым | 35,55 | | Орус тили | |
| 8 | Шейшенбекова Дильназ | 37,7 | | Орус тили | |
| 9 | Даниярова Камила | - | | Орус тили | |
| 10 | Макенбаев Дастан | 10 | | Тарых | |
| 11 | Шабданбеков Жайнак | 14 | | Тарых | |
| 12 | Кенешова Сезим | - | | Тарых | |
| 13 | Усенбекова Арзыкан | 15 | | Англис тили | |

Предметтик олимпиадага окуучулар катышты бирок райондук олимпиадага окуучулардын мумкунчулугү жеткен эмес. Бул көрсөткүч окуучулар менен предметтик олимпиадага даярдабагандык. Ошондуктан ар бир предмет боюнча окуучуларды мугалимдерге бирден бекитип берилип, даярдыкты текшерип туруу окуу бөлмүнүн башчысына жана усулдук бирикменин жетекчилерине милдеттендирилди.

Апрель айында « Кенгуру-математмактикага чек жок» аталыштагы олимпиадага 1-8-класстардан жалпы 35 окуучу катышып, белектерге ээ болушту. 8-класстын окуучусу Джангазыева Камина 98 упай топтоп мектеп боюнча 1-орунга ээ болду.

4-класстын окуучусу Макенбаев Раатбек 86 упай менен 2-орунга ээ болду.

Ал эми 3-орунга Шамуратова Айдай 8-класстын окуучусу жана Жакыпбаев Байаман 4-класстын окуучусу ээ болушту. Сертификат жана белектер менен сыйланышты.

**Олимпиаданын жыйынтыгынан төмөндөгүдөй чечим чыгарса болот.**

- Окуучулардын алгачкы алган билимине көңүл бөлүш керек, айрыкча математика, кыргыз тили, биология, тарых сабактары боюнча
- Бардык предметтик мугалимдер зээндүү окуучуларды олимпиадага даярдоону өзгөчө кароо керек.
- Зээндүү жана таланттуу окуучуга жекече план түзүп жоопкерчиликтүү даярдоо керек.

**Көйгөйлүү маселелер:**

- билим берүү мекемесинин деңгээлинде шыктуу баланы коштоо жана өнүктүрүү процессин уюштуруу үчүн педагогикалык жана башкаруучу кадрларды даярдоо тутуму начар калыптанган;

- мектептеги жана райондук деңгээлдеги шыктуу балдар менен иштөөгө мотивациялык колдоо жетишсиз.

2021-2022- окуу жылына карата алдыга коюлган маселелер:

- шыктуу балдарды окутуу системасын карап чыгууга, ийгиликтүү мектептердин тажрыйбасын өздөштүрүү;

- окуучулардын илимий-изилдөө иш-аракеттерин өнүктүрүү боюнча маалыматтык-методикалык камсыздоо жана илимий-методикалык жардам көрсөтүү тутумун өнүктүрүүгө көмөктөшүү, республиканын ЖОЖдорунда шыктуу мектеп окуучулары үчүн кошумча билим алууга дем берүү.

## 6. "Мамлекеттик тил жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу

Мектепте 2021-2022- окуу жылында мамлекеттик тил күнүнө карата жумалык ,айлык, жылдык иш- мерчеми түзүлдү.Салтанаттуу тизим уюштурулуп, 23- сентябрдан 30-сентябрга чейин жумалык жарыяланды. Жумалыкта тарбиялык сааттар өтүлдү. «Тил-улуттун жан дүйнөсү» деген темада китеп, сүрөт көрсөтмөлөрү көрсөтүлдү. Көрсөтмөгө 4-класстын окуучулары активдүү катышып, теманы ачып көрсөтүп беришти. « Улут болсом тилим менен улутмун» деген теманын алкагында дубал гезиттер чыгарылды. Алардын ичинен 5-8-10-класстардын дубал гезити тематикалык жактан жогорку деңгээлде чыгарылган. «Кыргыз тили- баа жеткис улуу мурас» деген темада салтанаттуу кече өткөрүлдү. Кечеде

кыргыздын каада-салты, кыргыз бийи, ырлары, акыйнек, макал-лакаптар айтылды Чыгармалардан сахналаштырылган үзүндүлөр, монологдор, «Манас» эпосунан үзүндүлөр айтылды. Айлыктын ичинде 1-4-класстар арасында « Сүйлөп жатса небере , тили ширин тим эле» сынагы болуп өттү. Сынакта 4-класстын окуучулары мыктылыгын көрсөтүп жеңишке ээ болушту. Жаш сүрөтчүлөр кароосунда шыктуу окуучулар белгиленди. «Тил улуттун жан дүйнөсү» дилбаяндар сынагында 7-класстын окуучусу Тороканова Сезим, Соодалиева Асема.8- класстын окуучусу Джангазыева Камила, Шамуратова Айдай жеңүүчү деп табылды. Баштапгыч класстар арасында «Ким таза жана сулуу жазат?» жазуу дептерлери боюнча кароо өткөрүлдү.Кароодо Болотканов Бayман, Бекин уулу Умар, Уланбекова Адинай, Асылбекова Айтегин,Джекшенбекова Зейнеп , Туратбекова Нурпери , Джангазыева Сезим мыкты деп табылды. Улуу жазуучу Ч. Айтматовдун туулган күнүнө карата декада уюштурулду. Декадада тарбиялык сааттар өтүлүп, «Улуттук тилим кыргыз, аалам сүйгөн Чыңгыз» аттуу адабий кече өтүлдү Кечеде чыгармалардан үзүндү, көркөм ырлар, обондуу ырлар жана бийлер коштолду.

Үч айлык жыйынтыкталып, активдүү катышкан жана жогоруда белгиленген окуучулар грамота менен сыйланышты.

**Койгойлуу маселелер:**

1. Кыргыз тилин үйрөнүүдө жаңы технологияларды изилдөөгө жетиштүү көңүл бурулбай жатат.

2 Сабакта окуучулардын сүйлөө кебин өнүктүрүү боюнча иш начар уюштурулган.

3. Райондук олимпиадаларда жыйынтык жок, анткени шыктуу балдар менен иштөө өз деңгээлинде жүргүзүлбөйт.

2021-2022- окуу жылына карата коюлган маселелер:

1. Окуу пландарынын жана мамлекеттик стандарттардын талаптарын эске алуу менен мамлекеттик тилди сапаттуу окутууну жүзөгө ашыруу жана кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн өнүктүрүү.

2. Шыктуу жана начар окуган окуучулар менен иштөөнү күчөтүү, ар кандай деңгээлдеги олимпиадаларда жыйынтыктарга жетишүү.

**7. Окуучулардын жана мугалимдердин ден-соолугун сактоо жөнүндө**

Окуучулардын ден-соолугун чыңдоо максатында мектепте төмөнкү багыттар боюнча иштер жүргүзүлдү:
- коронавирустун пайда болушун жана жайылышын алдын алуу;
- вирустук А жана Е гепатиттеринин алдын алуу;

- "Кургак учук-3" улуттук программасын киргизүү;
- мектеп окуучуларынын йод жетишсиздигинин жана темир жетишсиздигинин аз кандуулугун алдын алуу;
- мамлекеттик жалпы билим берүүчү мектептерде окуучулардын тамактануусун оптималдаштыруу.

Ден-соолук абалын аныктоо максатында 2022-жылдын 12-апрелинен 28-майына чейин окуучуларга медициналык кароо жүргүзүлгөн. Бул окуу жылында жалпысынан 39 окуучу кароодон өттү. 9, 10, 11-класстарынын окуучуларын флюорографиялык текшерүү графикке ылайык жүргүзүлдү.

Мектептин кызматкерлери райондун графигине ылайык 25 кызматкер медициналык кароодон өттү.

• Мектепте жеке гигиена эрежелерин сактоого шарттар түзүлгөн (температуралык режим, кол жуу, ичүү режими).
• 5-класстан 11-класска чейин кыргыз жана орус тилдеринин сабактарында курч респиратордук вирустук инфекциялардын жана коронавирус оорусунун алдын алуу боюнча маектешүүлөр жана жат жазуулар өткөрүлдү.

2022-2023- окуу жылына карата алдыга коюлган маселелер:
1. Балдардын ден-соолугун чыңдоо жана оорулардын алдын алуу боюнча иштерди максаттуу улантуу;
2. Коронавирус пандемиясынын алкагында райондун билим берүү мекемелеринде санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди сактоо үчүн бардык шарттарды түзүү;

## 8. Тарбиялык иштер

Биздин мектепте бардык тарбия иштери алдын ала пландаштырылып, окуучуларды тарбиялоонун концепциясы багытында иш алып барылды.Азыркы заманбап мектептерде адеп – ахлактыкка , мекенчилдикке тарбиялоо эң негизги багыт болуп эсептелет. Балдар - биздин келечегибиз! Деген ураан ар бир өлкөдө негизги орунду ээлейт. Демек биздин эртенкибиз бүгүнкү таалим - тарбия алып жаткан жаш жеткинчектерде экендиги талашсыз.

Ошондуктан өсуп келе жаткан жаш муундарды адептүүлүккө, ыймандуулукка, сабырдуулукка жана намыстуулукка тарбиялоо - бугунку замандын негизги талабы.

Тарбия - бул чындыгындаэле ото оор жана татаал маселе, мына ушул маселени чечуунун башаттары үй – бүлөө билим беруу багытындагы мектеп мугалимдери жана коомчулук.

Тарбия менен билим берүүнү ажыратып болбойт.Билимсиз адам кантип тарбия берет.Улуу педагог Ушинский айткандай :

«Жакшы тарбияланган бала ата-эненин келечектеги бактысы , жаман тарбияланган бала ата энении шору.» деген ой азыркы учурда толугу менен ырасталууда.

Тарбия деп инсандын адебин, ан – сезимдүүлүгүн , ыймандуулугун максатка ылайык системалуу калыптандыруу процессин түшүнөбүз.

Демек биздин мектепте тарбиялык иштер боюнча төмөнкүдөй иш чаралар өткөрүлдү.

Мисалы Окуучулар арасында укук бузууларды , кылмыштуулуктарды болтурбоо иштери жүрүп турду.Мектепте жашы жетелек балдар менен иш алып баруучу инспектор бекитилип, ал мектеп менен тыгыз байланышта болуп, тарбияга оор балдар менен алдын алуу чаралар өткөрүлүп турду. Окуу жылынын башталышында 15 – сентябрь «Билим майрамы», 23 - сентябрь «Эне – тил күнү» 1- октябрь «Карылар күнү» 7 – октябрда «Абайла балдар!» кароо сынагы өткрүлдү.

12- декабрда «Чыңгыз айтматовдун туулган күнүнө карата «Аалам сүйгөн Айтматов « деген жалпы мектептик иш чаралар өткөрүлдү.

22 ноябрда «Энелер мектеби» аттуу энелердин катышуусунда алгачкы тренинг болуп мектепте өттү

Социалдык – экономикалык жана дүйнөлүк өзгөрүүлөргө байланыштуу ата - энелердин балдарына билим тарбия берүүдө ролу чоң экенин баамдап жетүүгө убагы келген учур.Бүгүнкү күндүн Дүйшөнү КР эмгек сиңирген мугалими Г.Мадаминовдун «Ата –эне окумайын , бала окубайт», «Энеси жакшынын баары жакшы, атасы жакшынын бирөө жакшы» деген сөздөрү коомдогу энелердин билимдүү болуусуна канчалык деңгээлде зарылдыгын далилдеп турат. Агайыбыздын китептери «Ата – энелер сиздер үчүн» , «Акыл эмгегинин маданияты» аттуу китептери бизге чоң таалим эле.

Ал эми 28 – декабрда «Балаты» майрамы жана «Балмаскарад» майрамы болуп өттү

«Кана эмесе жигиттер!», «Кана эмесе, кыздар!» кароо сынагы өткөрүлдү.

5- мартта – «Ак калпак» күнү жана «Конституция күнү» ар бир класс тарбиялык сааттарды өткөрүштү

20- мартта «Нооруз» майрамы, 7- апрель

9-май «Улуу жеңиш» майрамы

1-июнь « Эл аралык Балдарды коргоо күнү» майрамы концерттик номерлер менен коштолду.

9- июлда «Акыркы коңгуроо» майрамы болуп өттү

Жайкы эс алуу лагери откорулүп жатат.

Мектепте эс алуу лагери 3 агым менен уюштурулду.

5- 7 – класстын окуучулары мектептин тегерегин тазалоого, гүлдөргө суу куюу жана гүлдөтүү боюнча иштерди алып барышат.Ал эми 8 – 11 класстын окуучулары мектептин ремонт иштерине жардам беришет.

Тыянактар:
1. Мектептерде турмуш-шарты оор балдары менен иштөө начар уюштурулган;
2. "Мугалим-окуучу-ата-эне" мамилеси жакшы жолго коюлган эмес.

2022-2023 окуу жылына карата алдыга коюлган маселелер:
1. Окуучулар менен руханий-адеп-ахлактык өнүгүүнүн жана жеке адамдын дене тарбиясынын жаңы Концепциясына ылайык тарбия иштерин жүргүзүү.
2. Мектепте окутуу шартында балдарды заманбап технологиянын жардамы менен, сынактардын жана башка иш-чараларга тартуу;
3. Мектеп администрациясы класстык сааттарга катышуу, класс жетекчилеринин ишин көзөмөлгө алуу, окуучуларды сурамжылоо жана үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу боюнча иштерди үзгүлтүксүз жүргүзүү .
4 . Социалдык педагогдор турмуш-шарты оор балдары менен иштөөнү күчөтүп , "тобокелдик тобундагы" балдарга көзөмөлдү күчөтүшү керек.

**9. Кадрлар менен иштөө**

Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 16 мугалим эмгектенет. Анын ичинен 5 мугалим пенсия жашында, 2 жаш мугалим бар.

Жыл башында ар бир мугалим менен эмгек келишими түзүлгөн.

Мындан тышкары мугалимдер район ичинде өткөн семинарларга, сабак тренингдерге жиберилип турду. Башталгыч класстын мугалимдери «Окуу керемет» долбоору боюнча окуп, тесттерди тапшырып, ачык сабак өтүп жатышты.

Башталгыч класстар метод бирикмесинин жетекчиси Аманкулова А.М. «Башталгыч класстарда окуучулардын түшүнүп окуусун кантип жөнгө салуу керек?» темасында сабак-тренинг өтүп, бул сабактын жыйынтыгы педагогикалык кеңеште каралды. Тажрыйбалуу мугалим Аскарбекова Нуркүл. Ал эми жаш мугалимдер жаңы технологияларды колдонуп сабак өтүштү.

Гуманитардык метод бирикмеде орус тили жана англис тили сабактарынан жумалыктар өтүлдү.

Декабрь айында биздин мектепте кыргыз тили жана адабияты мугалимдери Кыдырмаева Д.М.,Бейшебаева З.Т. жана мектептин тарбия завучу Айдаркулова А.Н. менен биргеликте, белгилүү жазуучу Чыңгыз Айтматовго арналган адабий музыкалык сахналаштырылган кече отүштү. Майрамдык кечени «Аалам сүйгөн Айтматов» деген темада эң жогорку деңгээлде алып барышты.

Кыдырмаева Д.М. слайд менен көрүнүктүү жогорку деңгээлде саламдашуу айтып, класстар арасында жазуучунун чыгармаларына жүрүш уюштурулду.

«Манас таануу», Тил жумалыгы ж.б сыяктуу декадалар өтүлдү.Кыргыз тили мугалими Кыдырмаева Диана Маратовна «Жазуу иштеринин абалы» темасында доклад окуп, жазуу иштерин кантип жөнгө салуу керек боюнча оюн айтып өттү.

Так илимдер метод бирикмеде тажрыйбалуу мугалимдердин ачык сабактары өтүлүп, тажрыйбалары жайылтылып турду. Илим жана техника жумалыгы өтүлдү. Бирикменин жетекчиси Бекболотова Калбюбю Бейшенбаевна окумуштуулар жөнүндө баяндоо, Архимеддин өмүрү чыгармачылыгы жөнүндө кыскача доклад окуп берди. Мектепте мугалимдер 3 метод бирикмеге бөлүнгөн.

Ар бир метод бирикменин жетекчиси топтордо иш алып барышат.

Мугалимдердин кесиптик деңгээлин жана өз билимин көтөрүү боюнча мектепте толук шарттар түзүлгөн. Мектеп администрациясы тарабынан атайын усулдук күндөр уюшулган. Усулдук күндөрдө мугалимдер атайын көйгөйлүү маселелер боюнча тегерек столдорду, сабак-тренингдерди конференцияларды өтүп турушат.

Мугалимдердин иштешине мектепте бардык шарттар түзүлгөн, класс кабинеттер жабдылган. Мугалимдер үчүн 3 компьютер, 1 ноутбук ,1 түстүү принтер менен 3 жөнөкөй принтерлер иштейт.

Сабакты көрсөтмөлүү кылып, ТСО менен сабак өтүү үчүн ноутбук жана 1 проектору экраны менен пайдаланууга болот.

Класстар 11 комплектиге бөлүнүп, 11 класс жетекчи класстар менен иштейт.

Педагогикалык курамдын саны акыркы үч жылда дээрлик өзгөрүүсүз калган. Мугалимдердин орточо жашы 40 жашты түзөт.

Мектепте 30 жашка чейинки 4 жаш адис иштеп жатат . 2021-2022- окуу жылында жылында биология сабагынан 1 жаш адис келди.

**10. Жаш адис менен иштөө.**

Мектепте 2 жаш мугалим эмгектенет. Аларга насаатчылыкка педагогикалык тажрыйбасы бар, кесиптик даярдыгы жогорку мугалимдер бекитилген.

| № | Насаатчы мугалимдер | Жаш мугалимдер | эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Айдаркулова А.Н. | Крыкбаева Э.Э. | Стажы 1 жыл |
| 2 | Акматалиева Н.К. | Аманкулова А.М. | Стажы 2 жыл |

Насаатчынын негизги милдеттери болгон иштөө принциби төмөндөгүдөй:

Окутуунун ички интеллектуалдуулугун, аналитикалык сынчыл ой жүгүртүүсүн жогорлатуу, инсандын өзүн-өзү таанып билүү баланын бүтүндөй жан дүйнөсүн ачып жана өзүнүн чыныгы педагог экендигине ынандыруу.

Насаатчылар жаш адистерге кесиптик такшалуу жагынан жардам, көмөк көрсөтүү аркылуу мектептин кадрлар маселесин чечүүгө өбөлгө түзүп келишет. Алардын педагогикалык ишке дилгирлигин ойготуп, кесиптик ишмердигине тиешелүү муктаждыктарды аныктап, зарыл иш билгилерин өнүктүрүү менен кесиптик чеберчилигин жогорлатууга салымын кошуп келишүүдө.

Жаш мугалимдер бекитилген календардык–тематикалык план менен иштешет. Күндөлүк сабактын планын бекиттирип турушат. Алар мектепке тийиштүү документацияны туура жана өз учурунда толтурууну, окуучуларды окутууда жалпы билим берүү программаларын аткарууну, мектептин талаптарын аткарууну, окуучулардын жеке психологиясын, өзгөчөлүгүн изилдөөнү, ар кандай методикалык ыкмаларды колдонуу менен сабак өтүүнү үйрөнүп эмгектенип келе жатышат.

Насаатчы мугалимдер өздөрүнүн тажрыйбаларынан бөлүшүп, сабактарына катыштырып, көрсөтмө куралдарды жасоодо кеңеш берип, алардын сабактарына катышып, кемчиликтерин жоюуга сунуштарын айтып өз милдеттерин аткарууда..

1. Крыкбаева Элвира – биология мугалими. Насаатчысы- Айдаркулова А.Н. Өзү окуткан окуу предметке байланыштуу эреже, теория, аныктама, принцип,түшүнүктөрдү окуучуларга жатык тилде үйрөтө ала турганын көрсөттү. Сабактын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу коопсуздук эрежелерди билүү жана сабакта колдоно билүү керектигин үйрөттү. Крыкбаева Э.Э. га балдар менен иштөө кыйын

болду, жана журнал менен иштоодо типтүү каталарды кетирип жатты. Сабак өтүүнүн ыкмаларын колдонуп өтүү сунушталды. Сабагына катышуу менен жаңы теманы мурда өтүлгөн жана кезектеги сабакта өтүлө турган темаларга байланыштыруу керектигин, сабак өтүүнүн методикаларын билбегендиги аныкталды.Насаатчыга сунуш: Өз ара сабакка катышуу жүргүзүлүп , сабак өтүүнүн жолдорун үйрөтүү керек, насаатчылык иш күчөтүлсүн. Отчёт берилсин.

2. Аманкулова Адина – баштапгыч класстын мугалими. Насаатчысы-Акматалиева Н.К. Аманкулова Адина абдан аракетчил мугалим. Сабак өтүүнүн жаңы ыкмаларын колдонуп , көрсөтмөлүү сабак өтөт. Жаңы технологияларды пайдаланат. Мектепке тийиштүү документациясы өз убагында толтурат. Күндөлүк сабактын планын өз убагында жазат, кол койдуруп турат, сабактын максаттарын туура коюну өздөштүргөн. Окуучулар менен тил табыша билет. Окутуунун методикаларын практикалап үйрөнүүдө.

**11. Мектептин методикалык иштерин башкаруу жана ишке ашыруу**

Мектепте төмөнкү командалар иш алып барат:

1. Педагогикалык кеңеш
2. Директор алдындагы кеңешме
3. Завуч алдындагы кеңешме
4. Усулдук кеңеш
5. Предметтик усулдук бирикмелер

Ар бир бөлүм бекитилген иш план менен жыл бою иш алып барышат жана ал иштердин жыйынтыгы мектептин педагогикалык, усулдук кеңешинде, директор алдындагы кеңешмеде, өндүрүштүк кеңешмеде каралат. Бардык иштерге протоколдор жазылат.

Мектепте 3 усулдук бирикме бар.

1. Башталгыч класстар УБ – жетекчиси Аманкулова А.М.
2. Так илимдер УБ - жетекчиси: Бектурова С.К.
3. Гуманитардык УБ- жетекчиси: Шералиева В.Э.

Методикалык ишти пландаштырууда педагогикалык жамаат мектептин өнүгүүсүнө шарт түзгөн формаларды тандоого аракет кылды.

Мектепте түзүлгөн методикалык кеңештин иш планы мектептин методикалык темасына ылайык түзүлгөн. Методикалык кенештин тобу төмөнкү мугалимдер: мектеп кеңешинин төрайымы, мектеп директору Акматалиева Н.К. окуу бөлүм башчысы Бейзеева Ж.К. Башталгыч класстар УБ жетекчиси Аманкулова А.М. так илимдер УБнин жетекчиси Бектурова

С.К. география Чымырбаева Б.Б., баштапгыч класс мугалими Калыгулова Э.С..

Усулдук бирикмеде ар дайым сабактын эффективдүү өтүлүшүн көздөгөн, кейгейлүү маселелерди чечкен, жетишпеген окуучуларга көңүл бурган иш-чаралар өтүп турат.

Мугалимдердин педагогикалык чеберчилигин жогорулатууда, бүткүл мектептин иштөө системасын бириктирип турган бул- методикалык иштер. Методикалык иштин натыйжасында ар бир предметтик мугалимдин чеберчилиги өсөт, себеби замандын талабына ылайык көптөгөн жаңы технологиялар жаңы методикаларды алып келди. Алар балдарга сапаттуу билим берүүдө жакшы өбөлгө түзөт. Мугалим өз сабактарын илимдин негизинде жеткиликтүү кылып, башка предметтер менен байланыштырып, сабактарына анализ берип, жетишпеген жактарына көңүлүн буруп, оңдоо иштерин жүргүзүшөт.

Усулдук бирикме жетекчилери тарабынан жылдык иш пландар түзүлүп, ал пландар менен иш алып барылды. Планда төмөнкү суроолор каралган:

- Окуу–тарбия иштерин методикалык ыкмаларды колдонуу менен жүргүзүү
- Жаңыча ыкмаларды колдонуу
- Предметтик жумалыктарды өткөрүү
- Мугалимдин кесиптик тажрыйбаларын иликтөө, ар бир мугалимдин өз предмети боюнча чыгармачылыгы
- Потенциалын өнүктүрүү
- Окуучуларды мониторинг аркылуу байкоо жүргүзүү
- Башталгыч класстын ортоңку баскычка өтүшү

Мектептин усулдук кеңешмелеринде нормативдик иш-кагаздар менен таанышууга өзгөчө көңүл бурулду.

Ар бир УБнын усулдук темалары такталып, анын негизинде иш алып барылды, андан тышкары ар бир мугалимдин өз алдынча усулдук темалары бекитилген.

| № | УБнын аталышы | Усулдук тема |
|---|---|---|
| 4 | Так илимдер УБ | “Окуу – тарбия ишинде окуучулардын өз алдынча иштөөлөрүнүн негизинде билим сапатын жогорулатуу” |

| | | |
|---|---|---|
| 7 | Башталгыч класстар УБ | "Окуу-тарбия ишинде улуттук педагогиканын негизинде окуучулардын билим сапатын жогорулатуу" |
| 8 | Гуманитардык УБ | «Окуучулардын чыгармачылыгын, предметке болгон кызыгуусун арттыруу менен жөндөмдүүлүгүн өстүрүү» |

Усулдук бирикменин темасынын негизинде ар бир усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн методикалык темалары бар. Жыл жыйынтыгы менен алар методикалык темасынын үстүндө кандай иштер иштелгени боюнча отчёт беришет.

Салт болуп калган көрүнүштордүн бири- бул предмет жумалыктары. Жылдык иш пландын негизинде жумалыктардын өтүлүү графиги түзүлүп бекитилди.

УБнын жумалыктарынын өтүлүшүнүн графиги:

| № | УБнын аталышы | Мөөнөтү | Жумалыктын аталышы |
|---|---|---|---|
| 1 | Так илимдер УБ | октябрь | "Информатика технологиянын, математика тактыктын, физика кубулуштун булактары" |
| 2 | Башталгыч класстар УБ | ноябрь | " Билим кени – китеп, тарбия кени – мектеп" |
| 3 | Кыргыз тили жана адабияты УБ | декабрь | "Кылым мурасы – кыргыз адабиятында" |
| 4 | Эстетикалык цикл | январь | " Поэзия кечеси" |
| 5 | Чет тилдер УБ | февраль | " Кышкы пейзаж" |
| 6 | Орус тил жумалыгы | март | « |

**Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим беруу орто мектеби**

**Так илимдер усулдук бирикмесинин анализи**

Так иимдер усулдук бирикмесинде жалпысынан 6 мугалим эмгектенет.

География мугалими : Чымырбаева Б.Б.

Математика мугалими: Бекболотова К.Б.

Физика жана информатика мугалими: Бектурова С.К.

Физкультура мугалими: Бейшебаева З.Т

Тарых жана адам коом мугалими: Айдаркулова А.Н.

Биология жана химия мугалими: Крыкбаева Э.Э.

Сентябрь айында окуучулардын китеп менен камсыз болушу көзөмөлгө алынды. Ошондой эле окуучуларды техникалык коопсуздук эрежелери менен тааныштырылды. Азыркы учурда окуучуларды ЖРТга жана олимпиадага даярдоо ар бир предметтик мугалимге жүктөлгөн ошонун үстүндө иш алып баруу жүрүп жатат.

1-чейректи жалпысынан 5-11 класстар боюнча 100 окуучу аяктады жана алардын чейректик жыйынтыгы боюнча физика сабагынан билим сапаты ,математика география ,физкультура 100% тарых ,химия биология ,информатика ,адам жана коом болду. Төмөндөгү жыйынтыктын негизинде ар бир предметтик мугалим таланттуу жана начар окуган окуучулар менен иштей баштайт. Ар бир мугалимдин жеке папкалары жана пландары бар. Дене тарбия сабагыда окуучулардын арасында мектеп аралык футбол боюнча мелдешке катышып 2-орунду ээлеп келишти. Бул да болсо мектептин сыймыгы. Талантуу окуучулар

10-класс: Рамисова С, Усенбекова А, Зарлыкова Б.

9-класс: Джангазыева Р, Даниярова К.

8-класс: Жангазыева К, Оморова Н, Шамуратова А.

7-класс : Эмилбекова Ж, Соодалиева А, Макенбаев Ш,

Төрөканова С.

6-класс: Усенбекова А, Салаватова М

Тарых сабагы боюнча 5-11-класстар арасында 22-23-ноябрда 2 тур менен жүргүзүлдү.

1-тур тесттик тапшырмалар 2-тур сүрөттөр,таблицалар,инсандар менен иштөө жүргүзүлдү.Тесттик суроолор ар бир класска кайтарым байланыш менен өткөрүлдү.

Ал эми 2-турда өзгөрүүлөр болду.сүрөттөр,таблицалар,инсандар менен иштөөдө окуучулар кызыгуу менен иштешти. Алар үчүн жаңылануу болду.Жыйынтыгында окуучуларда кыйналуулар болду бирок аракеттерин көргөзүштү.

Математика сабагы боюнча 5-11-класстар арасында 2 тур менен болуп өттү.

5-касс 4 окуучу: Орумбеков Б 16б 1-орун Абдыкулова Н жана Салаватов Д 14б 2-орун

6-класс боюнча 3 окуучу: Усенбекова А 1-орун 11б

7-класс боюнча 6 окуучу: Эмилбекова Ж,Төрөканова С 1-орун 11б

8-класстан3 окуучу: Жангазыева К 1 А-орун 17б Шамуратова 2-орун 13б

9-класс 5 окуучу: Макишева А 1-орун 13б Эмилбеков Ж 2-орун 12б

10-класс Рамисова С 1-орун 17б Мырзагулов Н 2-орун 12 б

11-класс Муратбекова А 1-орун 14б Шейшенбекова М 2-орун 12б

2 тур 9-11-класстардын арасында өткөрүлдү.

Катышкан окуучулар: Макишева А,Эмилбеков Ж 5-тапшырма толук балл 13.

9-кл Макишева А 10б 1-орун 10-кл Рамисова С 9б 1-орун Усенбекова А 6б

11-класс Муратбекова А 7б 1-орун Шейшенбекова М 6б

Биология сабагы боюнча жалпы 27-окуучу катыштып,2 тур менен өттү.1-тур сүрөттөр менен иштөө 2-тур тест менен иштөө болду.

6-класста Усенбекова А 1-турда 5, 2-турда 8 упай топтоп , Төрөканов Д 1-турда 4, Төрөканов Д 1-турда 4, 2-турда 9 1-орунга ээ болду.

7-класстан Төрөканова С жалпы 13 упай топтоп 1-орун, ал эми Соодалиева А 12 упай топтоп 2-орунга ээ болушту.

8-класстан Жангазыева К 13б 1-орун,Мырзагулова А ,Мамбеталиева Н 12 упай 2-орун

9-класстан Джапашева Ф 16 упай 1-орун, Джангазыева Р 15 упай 2-орун

10-класстан Усенбекова А 12б 1-орун Зарлыкова Б, Абирова 11б 2-орун

11-кластан Кеңешова А, Макенбаева А 10б 1-орун

1-турда 6-8 класстар үчүн сүрөт менен иштөө кыйыныраак болду,ал эми 9-11 класстар үчүн тест менен иштүү кыйыныраак болду. 2-турда тест 6-8-класстардыкы ар башка

Тарых сабактарында окуучулардын копчулугу тапшырманы так аткарууга аракеттенишет.Класстардын жарымы сабакты жакшы оздоштурот. Окуп кайра айтып беруу боюнча копчулук окуучулар кыйналышат бирок ,эгерде мугалим тушундуруп айтып кайра сураса анда жакшы айтып бере алышат.Тест менен иштоо дайыма жургузулуп турат. Тарых сабагында копчулук учурда интерактивдуу ыкмаларды колдоном 2-чейректе 6-класстын окуучулары сабакты жакшы оздоштуруп 93% ээ болушту.

География сабагы программа боюнча толук отулду. Сабакта окуучулар карта менен иштоого,суроолорго жооп табууга ото кызыгышат.Начар окуган окуучулар учун кошумча сабактар отулот бирок балдардын кабыл алуусу ,оздоштуруулору кызыкпаганы байкалат. Кээ бир окуучулардын соз байлыгы кучтуу жонокой суроолорго жооп бере албаган окуучулар да бар.Уйдо ата-энелер козомолду оз убагында корсотпогондуктон балдардын даярданышы начар.

7-класста 2-чейректе Рыспеков Эсентур «4» деген баага жетише алган жок. 8-класстан Эсенбеков Байтур 10-класстан Жамалбек уулу 11-класстан Жайлообеков Эрбол жакшы баага жетише алган жок.

Химия жана биология сабагы боюнча окуучулардын кызыгуусу начар. Баардык класстарда китеп жетишпейт ошого байланыштуу тапшырма аткарышпайт.Интернет булактарынан карап окушпайт .Кээ бир окуучулар жакшы аракет кылышат бирок китеп жетишпейт.

## 12.2021-2022-окуу жылында гуманитардык бирикменин иштери боюнча анализи

Мугалимдин чыгармачылык ишин өнүктүрүүдө усулдук бирикме чоң роль ойнойт. Жаңы ыкмаларды рационалдуу оперативдүү орду менен пайдалануу, программалык тестирлөө, модуль системасын, турмуш менен байланыштырууда туура окуучуларды тарбиялоо болуп эсептелет.

Бирикмеде беш мугалим катышат. Бардык мугалимдер жогорку билимдүү.

Кыргыз тили мугалимдери: Кыдырмаева Д.М.
Бейшебаева З.Т.
Акматалиева Н.К.
Орус тили мугалими: Шералиева В.Э.
Англис тили мугалимдери: Каданбаева А.К.
Койчукенова Ч.К.

Гуманитардук усулдук бирикмесинин темасы «Окуучулардын чыгармачылыгын, предметке болгон кызыгуусун арттыруу менен жөндөмдүүлүгүн өстүрүү» болгондуктан гуманитардык бирикменин максаты төмөнкүдөй болду:

1.Дифференциалдуу окутууда жаңы ыкмаларды туура пайдалануу
2.Мугалимдин чыгармачылыгын өнүктүрүү
3.Окуучулардын жаш курагына карап интеллектуалдыгын аныктоо
4.Мектептин бардык шарты түзүлгөндүктөн окуучулардын билим сапаттуулугуна жетишүү, адептүүлүккө окуучуларды тарбиялоо.

Кыргыз тили мугалими Бейшебаева З.Т. Мамлекеттик тил күнүнө карата 1-4 –класстар арасында «Сүйлөп жатса небере, тили ширин тим эле» сынак өтүлгөн. Төрт топко бөлүнүп Манас айтуу, көркөм ыр, макал-лакап чечмелөө, акыйнек жана табышмак айтылды. Бул сынакта команданын эмблемасын жактоосуна, формасына көңүл бөлүндү. Сынак жандуу өтүлдү. Ата-энелер, мугалимдер катышып, мыкты аткаргандарга сыйлык берилди.

Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата «Аалам сүйгөн Айтматов» деген темада музыкалык сахналаштырылган адабий кече ата –энелердин катышуусу менен жогорку деңгээлде өттү. Кеченин башында Айтматов бүткүл дүйнөгө белгилүү адам экенин слайд аркылуу көрсөтө алышты. Чыгармалары боюнча парад уюштурулду. Жазуучунун чыгармалары боюнча сүрөт, дубал газета, буклет көргөзмөлөрү уюштурулду. Бул кечеде мамлекеттик тилибиздин барктуулугун, коосдугун, сулуулугун көрсөтө алышкан.

Кыргыз тили боюнча билим сапаты 8-класс 55%, 9-класс 57%, 10-класс 53%, 11-класс 77% ды түздү. Кыргыз адабиятынын билим сапаты 8-10-класс 50%, 9-класс 68%, 11-класс 88% ды түздү. Мектеп ичиндеги олимпиада республикалык олимпиаданын негизинде түзүлгөн.

Орус тилинен Шейшенбекова Д. 11-класс 37.7 упай
Зарлыкова Б. 10-класс 35.5 упай
Даниярова К. 9-класс 15 упай
Кыргыз тилинен Жапарбекова Сезим 11-класс 18 упай
Рамисова Салтанат 10-класс 27 упай
Джангазыева Р. 9-класс 15 упай алышкан.

Ачык сабактар Алыкул Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылыгы боюнча 11-класста адабий кече өтүүдө окуучулар видео-ролик, видео-слайд жасап презинтация кылышты. Мугалим берилген тапшырманы аткарбаган окуучулар Камчыбеков А., Абдылдаев Т. , жоопкерчилигин талап кылыш керек. Эң мыкты катышкандар Шабданбеков Жайнак, Макенбаева Адина, Жапарбекова Сезим, Жайлобеков Эрбол.

Орус тили мугалими Шералиева В.Э. Улуу илимпоз Д.С Лихачовдун 130 жылдыгына видео сабак даярдап 10-11-класстар арасында өткөн. Бул сынак Чүй облусу боюнча жүргүзүлгөн. Россиянын илим маданият борбору тарабынан. Мугалим Шералиева В.Э. ЛАУРЕАТ деген наам алып диплом менен сыйланган.

Англис тили жумалыгынын планы боюнча дидактикалык оюндар, дубал гезиттердин сынагы болду. Мугалими Койчукенова Ч.К. претмети боюнча жумалыгында окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүүрү үсдүндө иштеп жатканын көрсөтө алды.Өзгөчөлөнгөн окуучуларды топко бөлүп 6-класстын окуучуларына «Жаныбарлар», 7-класстар «Гүлдөр», 4-класс «Жумшак оюнчуктар», 8-класс «Шаарлар» деген темаларда окуучулар интернет аркылуу маалымат алышып,ыр чыгарып,аңгеме жана дагы түстү сүрөттөрдү тартышты. Мыкты дярдагандарга белек тартуулады. 10-класста кайталоо ачык сабагында видео-слайд менен кызыктырып тапшырмалар берилди. Эң мыкты жооп бергендер Усенбекова А. Зарлыкова Б. Мырзагулов Н. Рамисова С. Мугалим окуучулардын сүйлөө речине көңүл бөлүү керек экени айтылды. Англис тили мугалими Каданбаева А.К. 3-класста ачык саат өтүүдө фонетикалык көнүгүүлөргө, дидактикалык оюндарга көңүл бөлдүү. Видос-роликти орду менен колдонуу керек экени айтылды. Убакытты туура пайдалануу керек, анкени сөздүктөр менен иштөөдө көп убакыт кетти.

3-11-класстар арасында билим деңгээли эң жогорку 11класс 66%, 3-класс 60%, 5-класс 61% түздү. Эң төмөнкү көрсоткүчтөр 8-класс 30%,9-класс 32% болду.

Класстык көзөмөл.

Мугалимдер окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө, кошумча адабият ,интернет аркылуу маалымат колдонуу менен доклад, реферат жаздыруу, презентациялоого үйрөтүп жатат. Бирок мугалим материалдарды даярдоого аз көңул буруп жатат.

Билим сапаты 5-11-класстар арасында орус адабияты сабагынан 64% ды түздү. Жогорку корсөткүч 5-класс 76%,6-класс 73%, 11-класс 66%. Төмөн көрсөткүч 9-класс 36%, 10-класс 46%.

Орус тили 5-11-класс билим сапаты 55%. Жогорку көрсөткүч 5-класс 69%,6-класс 68%,11 –класс 66%,төмөнкү көрсөткүч 8-9-класс 42%.

**13. Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин башталгыч классынын усулудук бирикмесинин 1-4-класстарына берилген жылдык анализи**

2021-2022- окуу жылында башталгыч классына 62 окуучу. Кеткени -4 келгени -6, окуу жылын 64 окуучу аяктады. 13 отличник, 12 ударник, калганы канааттандырарлык. Жалпы билим сапаты 52.9 %, окуучулардын катышуусу 92.2%

15-сентябрда билим күнүнө карата башталгыч классынын мугалимдери «Ата журтум асыл мекеним» темасында тарбиялык саат өтүлдү.

Окуу жылынын башында окуучулар окуу китептери менен толук камсыз болушту.

21-сентябрь эне тил күнүнө карата майрамдык кечеге башталгыч класстын окуучулары активдүү каташышты.

Ноябрь айында башталгыч класстын жумалыгы өткөрүлдү. Окуучулар китепканага саякатка барышты. Класстар арасында көркөм ырлар, жомоктор айтылды. Класстар арасында сүрөт көргөзмөсү өткөрүлдү.

Улуу жазуучу Ч. Айтматовдун туулган күнүнө карата баш.кл. мугалимдери ачык тарбиялык саат өтүштү.

Январь айында баш.кл.муг. «Окуу керемет» долбоорунун математика бөлүмү боюнча 3 күндүк тренинг окууга барып окушту.

21-январь . «Окуу керемет» долбоорунун алкагында

1. Бообекова Н.Ж.
2. Бейзеева Ж.К.
3. Аманкулова А.М. ачык сабак өтүштү. Ушул эле мугалимдер 24- январда мектептин директору жана Унунпаша Абибилаевнанын катышуусунда сабакка жаңы стратегияларды колдонуу менен мыкты ачык сабак өтүштү. 18-февралда Полтавка орто мектебинде болуп өткөн «Окуу керемет» долбоорунун алкагында Республикалык семинарга Аманкулова А.М. мекен-таануу сабагынан «угам, окуйм, түшүнөм» стратегиясын колдонуп, жогорку деңгээлде ачык сабак өттү.

Март айында Нооруз майрамына арналган кечеге баш.кл. окуучулары көрком ыр, бий, жомок, манас айтышты. Ар бир класстын окуучулары кандай майрамдык кече, сынак болбосун чыгармачылык кызыгуу менен катышышат. Ата-эне тарабынан форма менен камсыз болушат.

7-апрелге карата «Биз тынчтыкты каалайбыз» темасында тарбиялык саат өтүлдү. Баш.кл. мугалимдери азыркы учурда «Окуу керемет» долбоорунун модулдарын жана тесттерин тапшырып жатышат.

Жылдын жыйынтыгы боюнча 4-класс жана класс жетекчиси Бейзеева Ж.К. **«Жылдын мыкты классы»** наамы менен сыйланышты. **« Жылдын мыкты жаш адиси »** наамы менен Аманкулова А.М. сыйланды.

**Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби**
**Башталгыч класстардын усулдук бирикмеси боюнча жылдык мониторинги**

Баардыгы: 48 окуучу

УБ.жетекчи: Аманкулова А.М.

Билим сапаты – 52.6% түзөт

| № | Предметтер | 2 -класс | 3 - класс | 4 - класс | Жалпы билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 69.2 | 61.1 | 56 | 62.1 |
| 2 | Адабий окуу | 69.2 | 83.3 | 75 | 75.8 |
| 3 | Орус тили | 69.2 | 77.8 | 56 | 67.6 |
| 5 | Математика | 69.2 | 72.2 | 75 | 72.1 |
| 6 | Англис тили | | 83.3 | 50 | 66.6 |
| 7 | Мекен таануу | 100 | 66.7 | 81 | 82.5 |
| 8 | Музыка | 100 | 77.8 | 88 | 88.6 |
| 9 | Дене тарбия | 100 | 100 | 100 | 100 |
| 10 | Сүрөт | 100 | 100 | 100 | 100 |
| | Жалпы билим сапаты | 46.1 | 63.8 | 68.1 | 59.3 |